JBMA｜Жапониянын курулушта материалдык-техникалык камсыздоо ассоциациясы (JBMA) сынак

## Имараттарды тазалоону башкаруу тармагында атайын квалификациялуу жумушчу жөнүндө (i) Баалоо сынагы

Бул Жапонияда "Атайын квалификациялуу жумушчу (i) (Имараттарды тазалоону башкаруу)" катарында иштөөнү каалагандар үчүн текшерүү сынагы.
Бул сынак имараттарды тазалоону башкаруу тармагында жөндөмүңүздү жана билимиңизди ырастайт.

### Сынактан өтүү үчүн коюлган талаптар

- Сынактан өтүү күнү жашы 17ге жеткен же андан жогору болушу керек. Бирок, Индонезиянын жарандары үчүн сынактан өтүү күнү кеминде 18 жашта болушу керек.
- Жапонияда сынактан өтүү учун жарактуу жашаган жер статусуна ээ болушу керек.

### Сынактын мазмуну жана созулушу

Сынак жазуу түрүндө жана практикалык тест түрүндө өткөрүлөт. Баары жапон тилинде жүргүзүлөт.
Жазуу түрүндөгү сынак: 20 суроо (сынактан өтүү үчүн толук баллдын 60% же андан жогору балл талап кылынат), созулушу: 20 мүнөт
Практикалык тест: 30 суроо (сынактан өтүү үчүн толук баллдын 60% же андан жогору балл талап кылынат), созулушу: 30 мүнөт
Жалпы 50 мүнөттүк сынактан тышкары, сизден купуялуулук саясатына макул болуу, окууту курсунан өтүү, сурамжылоону толтуруу талап кылынат жана бул үчүн 10 мүнөт убакыт берилет.

### Сынактан өтүү акысы

Жапонияда сынактан өтүү үчүн: 4 400 иен (10% керектөө салыгын кошкондо)
Жапониядан тышкары башка жерде сынактан өтүү үчүн: 30 АКШ доллары

### Онлайн каттоо жана сынактан өтүү күнүн алдын ала ээлеп койгондон баштап сынактан өтүүгө чейинки жол-жоболор

**1-кадам: Жаңы колдонуучуну каттоо (аккаунт каттоо)**

Pearson VUE менен имараттарды тазалоону башкаруу тармагында атайын квалификациялуу жумушчуну (i) баалоо сынагын тапшыруу үчүн, сиз колдонуучу аккаунттан каттоодон өтүшүңүз керек. "Аккаунт түзүү" деген баскычты басыңыз, колдонуучу болуп каттоодон өтүү үчүн көрсөтмөлөрдү аткарыңыз. Эгер сизде мурунтан эле аккаунт бар болсо, 2-кадамга өтүңүз.

* Эскерте кетсек, эгерде сиздин катталган аты-жөнүңүз тестирлөө күнү тест борборуна көрсөткөн өзүңүздү тастыктаган документтеги аты-жөнүңүздөн башкача болсо, тестке катышууга уруксат берилбейт.

**Эскертүү:**
Арыздар 2026-жылдын 31-мартына чейин кабыл алынат. 2026-жылдын 1-апрелинен баштап системада алдын ала ээлеп коюуга мүмкүн деп берилгени менен, бул датадан кийин алдын ала ээлеп коюу иштерин жүргүзбөңүз.

**2-кадам: Сынактан өтүү күнүн алдын ала ээлеп коюу**

Сынакты дайындоо үчүн 1-кадамда каттоодон өткөн колдонуучунун атын жана сырсөзүңүздү киргизиңиз.
*Эгер сизде ваучер бар болсо, “ Ваучер кошуу же промо код “ баскычын басып, төлөм жана эсеп маалыматтарыңызды, жана ваучердин номерин киргизип, "Колдонуу" баскычын басып, алдын ала ээлеп коюуну аяктаңыз.
*Сиз сынактан өтүү күнүн алдын ала ээлеп койгонуңуздан кийин, алдын ала ээлеп койгонуңузду ырастаган электрондук кат аласыз.

**Алдын ала ээлеп коюу, өзгөртүүлөр же жокко чыгаруулардын акыркы мөөнөтү**

- **Алдын ала ээлеп коюунун акыркы мөөнөтү:** Сынактан өтүү күнүнөн мурунку күнү саат 23:59 чейин
- **Өзгөртүү/жокко чыгаруунун акыркы мөөнөтү:** Учурда алдын ала ээлеп койгон күндөн жана убакыттан 24 саат мурун

**Эскертүү:** Акыры мөөнөт бул онлайн алдын ала ээлеп коюу сайтындагы акыркы мөөнөт болуп саналат. Кардарларды тейлөө кызматы аркылуу жасалган алдын ала ээлеп коюулар, өзгөртүүлөр жана жокко чыгаруулар тиешелүү убакыт чектеринде жана кардарларды тейлөө кызматынын иш сааттарында аткарылышы керек. Белгиленген акыркы мөөнөт бүткөндөн кийин алдын ала ээлеп коюну өзгөртүүгө же жокко чыгарууга болбойт.

**Төлөм ыкмасы**

Сынак акысын кредиттик карта жана ваучер менен гана төлөөгө болот.

- Кредиттик карта
  VISA, Master, JCB жана AMEX кабыл алынат.
- Алдын ала төлөнгөн ваучер
  Эгерде компания же мектеп сынактын акысын төлөөгө жооптуу болсо, алдын ала төлөнгөн ваучерлерди колдонууга болот. Минималдуу сатып алуу - 10 сынак (10 адам). Алдын ала төлөнгөн ваучерлерди кантип сатып алуу керектиги тууралуу маалымат алуу үчүн төмөнкү шилтемени караңыз. Алдын ала төлөнгөн ваучерди сатып алгандан кийин, ваучердин номерин сынактан өтө турган адамга бериңиз.
  (Эгер сынак Жапонияда өткөрүлсө) Ваучер дүкөнү * Минималдуу сатып алуу: 10 сынак
  (Эгер сынак Жапониядан тышкары башка жерде өткөрүлсө) Сатып алуу ваучерлери * Минималдуу сатып алуу: 1 сынак

**3-кадам: Сынака даярдык**

Сынак күнүнө даярдануу жана жол-жоболору менен таанышуу үчүн төмөнкү беттерди караңыз.

- Сынактан өтүүдөн мурун эмнени текшерүү керек

Сынак алдындагы текшерүү тизмеси (жапон тилинде)
Сынак тапшыруучулар үчүн пайдалуу булактар (англис тилинде)

- Сынак өткөрүлө турган күнү тест өткөрүү борборундагы жалпы жол-жоболор (видео)
Сынактан өтүү үчүн жол-жоболор (жапон тилинде)
Pearson VUE (англис тилинде) менен тестирлөө кандайча жүргүзүлөт
- CBT версиясынын демо сынагы
Демо сынак (жапон тилинде)

**4-кадам: Сынак тапшыруу**

**Келүү убактысы**

Сынак тапшыруу күнү, текшерүү процедураларынан өтүү үчүн сынак башталганга чейин 15 мүнөт мурун сынак өткөрүү борборуна келиңиз. Кечигип келгендер сынак тапшырууга киргизилбейт жана сынак тапшыруу үчүн төлөнгөн акысы кайтарылбайт.

**Эмне алып баруу керек**

Каттоо учурунда **өздүгүн тастыктоочу бир жарактуу документ көрсөтүлүшү керек**. Көбүрөөк маалымат алуу үчүн, төмөнкү бетке кайрылыңыз. Эгерде резервдеги аты-жөнү өздүгүн тастыктоочу документтеги ысымдан башкача болсо, сиз тестирлөөгө киргизилбейсиз. Эгерде аты-жөнүңүз дал келбегендигине байланыштуу сынак тапшырууга кирбей калсаңыз, сынак тапшыруу үчүн төлөнгөн акы кайтарылбайт.

(Эгер сиз Жапонияда сынак тапшырсаңыз) Өздүгүн тастыктоочу документтер
*Эгер сиз Японияда сынак тапшырсаңыз, паспортуңузду алып келиңиз.
(Эгер сиз Жапониядан тышкары башка жерде сынак тапшырсаңыз) Глобалдык ID саясаты 1
*Эгер паспортуңуз бар болсо ала келиңиз.

Сынак өткөрүлгөн бөлмөсүнө жеке буюмдарды алып келүүгө болбойт. Сынактан өтүүгө керексиз нерселерди алып келбешиңизди сунуштайбыз.
Каттоо столунда ламинатталган ак дептерлер жана калемдер (тез кургоочу суу негизиндеги калемдер) таратылат, буларды сынактан өтүү учурунда колдонсоңуз болот. Ак дептерлер менен калемдер сынак бүткөндөн кийин чогултулат.




**Ачыка чыгарбоо келишими (NDA)**

Сынак өткөрүү борборунда сынак тапшыраардан мурун Ачыкка чыгарбоо келишимине (NDA) макул болушуңуз керек. NDA - бул негизинен суроолордун жана жооптордун мазмунун үчүнчү жактарга ачыкка чыгарбоо жөнүндөгү келишим. Эгер макулдугуңузду бербесеңиз, сизге сынактан өтүүгө уруксат берилбейт. Эгер макулдугуңузду бербесеңиз жана сынакты тапшырбасаңыз, сынак үчүн төлөнгөн акы кайтарылбайт. Эгерде келишимде көрсөтүлгөн кандайдыр бир тыюу салынган иш-аракеттер сынактан өткөндөн кийин тастыкталса, сертификаттоо органы тарабынан сертификаттоо жокко чыгарылышы мүмкүн, же сизге келечекте сынактардан өтүүгө тыюу салынышы мүмкүн.

**5-кадам: Сынактын жыйынтыгы**

Сынактын жыйынтыгы төмөнкү эки жол менен сизге билдирилет.

- Баа жөнүндөгү отчет

  Сынакты тапшыргандан кийин дароо тест өткөрүү борборунан, сиз алган баа жөнүндө басылып чыгарылган жыйынтык отчеттун (өттү/өтпөй калды) ала аласыз.

  Ошол эле баа жөнүндөгү жыйынтык отчетун кийинчирээк Pearson VUE колдонуучу аккаунтунун бетинен көрүүгө болот.

  **Эскертүү:** Баа жөнүндөгү отчет сынактан өтүү сертификаты эмес.
- Өтүү сертификаты

  Сынактан өткөн сынак тапшыруучу менен кабыл алуучу уюм эмгек келишимин түзө тургандыгы жөнүндө чечим кабыл алынгандан кийин, сынак тапшыруучу сертификатын алуу үчүн арыз берет жана 11 000 иен (10% керектөө салыгын кошкондо) өлчөмүндө акысын төлөйт. Андан соң JBMA кабыл алуучу уюмуна өтүү сертификатын берет.

## Сактык чаралары

Эгер адам алдоо жолдорун колдонуу менен сынак тапшырууга аракет кылса же тапшырган болсо, беш жылга чейинки мөөнөткө сынак тапшыруу укугунан ажыратылат.

Эгерде сиз сынакты алдоо жолдорун колдонуу менен тапшырып, сынактан өткөн болсоңуз, сертификатыңыз жокко чыгарылат жана сизден өтүү сертификатын кайтарып берүүнү талап кылынат. Эскерте кетели, сынак тапшыруу акысы жана өтүү сертификатынын акысы үчүн төлөм кайтарылбайт.

## Жеке маалымат

Сынак тапшырууга арыз берүү учурунда же сынак өткөрүү борборунда алынган жеке маалымат, JBMA нын жеке маалыматты коргоо эрежелерине ылайык, сынактан өткөрүү, өтүү сертификатын берүү жана атайын квалификациялуу системасын карап чыгуу үчүн колдонулат. Эскерте кетели, жеке маалымат Жапониянын мамлекеттик органдарына же сиз чыккан өлкөгө берилиши мүмкүн экенин эске алыңыз.

## - Байланыштуу шилтемелер

Жапониянын курулушта материалдык-техникалык камсыздоо ассоциациясы (JBMA)

Сынакты алдын ала ээлеп коюу жөнүндө жалпы көп берилүүчү суроолор

Сынак өткөрүлө турган күнү тест өткөрүү борборундагы жол-жоболор

## - Суроолор

Эскерте кетели, суроонун мазмунуна жараша байланыш маалыматы айырмаланышы мүмкүн.

| Тактоочу суроолор | Байланыш маалыматы |
|---|---|
| ● Аккаунт каттоо, алдын ала ээлеп коюнун жол-жоболору жана алдын ала ээлеп коюу бүткөндүгү жөнүндө электрондук почта аркылуу билдирүү<br>● Өздүгүн тастыктоочу документтер<br>● Аккаунт каттоодон кийин аты-жөнүн өзгөртүү<br>● Тест өткөрүү борборундагы жетиштүү орун | **Pearson VUE кардарларды тейлөө**<br>**https://www.pearsonvue.com/us/en/test-takers/customer-service/email.html** |
| ● Сынактын мазмуну<br>● Квалификациялар жана талаптар<br>● Сынактын жыйынтыгы<br>● Өтүү сертификатын берүү | **Жапониянын курулушта материалдык-техникалык камсыздоо ассоциациясы (JBMA)**<br>**E-mail:** tokuteiginou@j-bma.or.jp |